КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**12.04.2022ж № 1** **Боо-Терек айылы**

## Үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк маарекелик салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган иш-чараларды өткөрүүнүн тартиби тууралуу Жобону бекитүү жөнүндө

Депутаттардын Боо-Терек айылдык аймактык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы X сессиясы, жогорудагы Жобону бекитүү жөнүндө маселени угуп, талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Боо-Терек айылында каада-салттарды, салтанаттарды жана үрп-адаттарды тартипке келтирүүнү караган үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган иш-чараларды өткөрүүнүн тартиби жөнүндө ЖОБО 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Боо-Терек айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.
3. Бекитилген Жобо боюнча айыл калкына тааныштыруу, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жагы түзүлгөн комиссия курамына милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **А. Мамыралиев**

**Боо-Терек айылдык аймактык кеңешинин XXXII чакырылышындагы X сессиясында №1 токтому менен бекитилген**

# Боо-Терек айылында үйлөнүү үлпөтүн, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган иш-чараларды өткөрүүнүн тартиби жөнүндө ЖОБО

## I. Ушул Жобонун максаттары жана милдеттери

1. Ушул Жобонун максаты Боо-Терек айылынын тургундарынын социалдык кызыкчылыктарын коргоо жана жарандардын экономикалык кызыкчылыктарына жана жашоосундагы моралдык бекемдигине олуттуу зыян алып келүүчү ашыкча чыгашаларга жол бербөө боюнча чараларды белгилейт. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" №54 Жарлыгынын негизинде иштелип чыкты.

2. Ушул Жобонун милдеттери Боо-Терек айылында үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүүнү, ошондой эле калктын, өзгөчө жаштардын алардын маңызын жана барктуулугун туура түшүнүүнү калыптоону тартипке келтирүү болуп саналат.

## II. Жобонун таасиринин чектери

3. Бул Жобо таасири Боо-Терек айылындагы баардык мамлекеттик органдарга жана ведомстволук караштуулугу жана менчик формаларына карабастан уюмдарга, мекемелерге жана ишканаларга жана жеке адамдарга, анын ичинде чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга, жайылтылат.

## III. Жободогу колдонулуучу негизги түшүнүктөр

4. Ушул жободо төмөнкү негизги түшүнүктөр жана алардын аныктамалары колдонулат:

1) **Үй-бүлөлүк салтанаттар (туулган күн, тушоо кесүү, бешик той, сүннөт той, үйлөнүү той ж.б.)** – бул адамдардын кичи тобунун да, көп сандаган элдин да көңүл ачуу же салтанаттуу мүнөзүндөгү иш-чарасы.

2) **Маркумдардын элесине арналган иш-чаралар** – каза болгон адамдын элесине арналган иш-чаралар, анда негизги болуп эскерүүнүн белгилүү бир мөөнөттөрүндө туугандары тарабынан маркумдун үйүндө же тамактануу жайларында өткөрүлүүчү жалпы тамактануу саналат.

## IV. Үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүүнү тартипке келтирүү үчүн жоопту органдар

5. Ушул жобону ишке ашыруу үчүн Боо-Терек айыл өкмөтүнүн алдында жергиликтүү туруктуу комиссия түзүлөт.

6. Комиссиянын курамына Боо-Терек айыл өкмөтүнүн, депутаттардын айылдык кеңешинин, ички иштер бөлүмүнүн, маданият бөлүмүнүн, билим берүү бөлүмүнүн, үй бүлө медициналык борборунун, эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгынын, коомчулуктун, коммерциялык эмес жана башка уюмдардын өкүлдөрү кирет.

Комиссиянын курамын айыл өкмөтүн башчысы бекитет.

7. Комиссия төмөнкүдөй функцияларды аткарат:

- маркумду эскерүү үрп-адаттарын жана маркумга арналган иш-чараларды жана башка үй-бүлөлүк иш-чараларды өткөрүүдө ысырапкерчиликке жол бербөө жөнүндө калк арасында кеңири маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү уюштурат.
- каада-салттарды, салтанаттарды, үрп-адаттарды жана маркумга арналган башка иш-чараларды тартипке келтирүү маселелери боюнча мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандардын жана коомдук институттардын натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылат.
- турмушта жалпы кабыл алынган адеп-ахлактык ченемдерди, үрп-адаттарды жана элдик каада-салттарды сыйлоо багытындагы баардык аракеттерди көрөт.
- үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды ушул Жобонун талаптарына жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык өткөрүүнү контролдоону жүзөгө ашырат;
- үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүү боюнча калктын арасында агартуучулук жана үгүттөөчүлүк иштерди уюштуруу;
- үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүү боюнча мыкты тажрыйбаларды үгүттөө;
- үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүү боюнча Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларды аткарууну талап кылуу.

Комиссиянын чечимдери мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн экиден кем эмеси катышканда кворум болсо добуштардын жөнөкөй көпчүлүгү менен кабыл алынат. Добуштар бирдей болуп калса комиссиянын төрагасынын добушу чечүүчү болот. Комиссиянын протоколуна комиссиянын төрагасы жана жыйынга катышкан мүчөлөрү кол коюшат.

## V. Үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттар

8. Үй-бүлөлүк салтанаттар 150гө чейинки адамды чакыруу менен жүргүзүлөт.

9. Үйлөнүү той салтанаттар 200гө чейинки адамга банкет менен бир күндүн ичинде өткөрүлөт. Той салтанатында чакырылган конокторго кийит кийгизүү, белек берүүлөргө тыюу салынат.

10. Жарандык абалдын актыларын каттоо органдарында никелешүүнү мамлекеттик каттоо салтанаты 3төн ашык эмес жеңил автомашинасын колдонуу менен өткөрүлөт.

11. Себет, түштөндүрүү, кыз узатуу, 50 жашка чейинки юбилейдик тойлорду өткөрүүгө тыюу салынат.

## VI. Маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чаралар

12. Маркумду акыркы сапарга узатуу катышуучулардын санын чектөөсүз жана ири мүйүздүү мал жана жылкы союусуз өткөрүлөт. 2 кой сойгонго уруксат берилет.

13. Маркумдун элесине арналган иш-чараларды (жетилик, жумалык, 52 күндүк) өткөрүүгө тыюу салынат. 40 аш менен ашын өткөрүүгө тыюу салынбайт.

14. Маркумду акыркы сапарга узатууга азык түлүк, кийим кече, кийит, жыртыш жана башкаларды алып барууга тыюу салынат.

15. Кабырдын үстүнө оор эстелик коюуга жана курууга, аны темир жана башка матералдар менен тороого тыюу салынат.

16. Кабырды даярдоодо жер үнөмдөлсүн.

## VII. Үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүүгө талаптар

17. Үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумду акыркы сапарга узатуу жана маркумдун элесине арналган иш-чараларды өткөрүү турак үйлөрдүн аянттарында (короолорунда), жеке үйлөрдө же ресторандарда, кафелерде, ашканаларда жана үлпөт залдарында коомдук тартиптин талаптарын сактоо менен өткөрүлөт.
18. Үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттар эс алуу күндөрү саат 8.00ден 23.00гө чейин, ал эми жумушчу күндөрү саат 18дөн 22.00гө чейин жүргүзүлөт.

## VIII. Ушул Жобону бузгандык үчүн жоопкерчилик

19. Жеке жана юридикалык жактар ушул Жобонун талаптарын сактабагандык үчүн Аксакалдар сотунда жоопкерчиликке тартуу маселеси каралат.

## IX. Корутунду жоболор

20. Жеке жана юридикалык жактар үйлөнүү той, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумдарды акыркы сапарга узатуу жана маркумдардын элесине арналган иш-чараларды ушул Жобонун талаптарын сактоо менен өткөрүүгө милдеттүү.
21. Комиссиянын чечимдери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык соттук тартипте даттанууга болот.